УДК: 373.31(575.2) (04)
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.59

Нусупова Г.
Т. Эрматов атындагы БМПК

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТА ОКУУЧУЛАРДЫ САБАТТУУЛУККА ҮЙРӨТҮҮНҮН МАСЕЛЕЛЕРИ

**Кыскача мазмуну**

Бул макалада башталгыч класстарда сабаттуулукту кантип жогорулатуу керектиги жөнүндө педагогикалык идеялар жана сабаттуулукка үйрөтүү методикасынын илимий негиздери берилген. Сабаттуулук мезгилинде эне тили билимдин пайдубалы экендиги жана негизги сүйлөө жөндөмдүүлүктөрүнүн (окуу жана жазуу) калыптанышы көрсөтүлгөн. Окуучуларды компетенцияларга ээ кылууну ишке ашырууда мугалим окууучу менен жекече иштөө, проблемалык окутуу, окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн активдештирип окутуу, ж.б.окутуунун технологияларын жетекчиликке алуусу зарыл экендиги баса белгиленген. Сабаттуулукка тарбиялоонун багыттары сунушталган. Заманбап билим берүү технологияларын сабакта колдонуу менен башталгыч класстардын мугалими окуу процессине жаңыча көз караш карап, инсанды калыптандыруунун психологиялык механизмдерин өздөштүрүп, натыйжалуу ийгиликтерге ээ болуусун баса белгиленген. Окуучуларга ишмердүүлүктүн тигил же бул тармагында белгилүү бир билимди, көндүмдөрдү гана өздөштүрүп тим болбостон, алардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө жардам бере турган жаңы ыкмаларды окуу процессине киргизүү бүгүнкү күндө педагогикалык милдеттердин бири экендиги көрсөтүлгөн.

**Түйүндү сөздөр:** Сабаттулук, даярдоо мезгили, окуу жана жазуу, эне тили, калыптандыруу , заманбап, технология, компетенция.

Нусупова Г.
БМПК им. Т. Эрматова

## ПРОБЛЕМЫ ОБУЧЕНИЯ ГРАМОТНОСТИ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

**Аннотация**

В данной статье представлены педагогические идеи о способах повышения грамотности в начальных классах и научные основы методики обучения грамоте. В период обучения грамоте показано, что родной язык является основой обучения и формирования основных речевых навыков (чтения и письма). Подчеркнуто, что в реализации приобретения учащимися компетенций необходима индивидуальная работа преподавателя с учащимся, проблемное обучение, обучение путем активизации творческой деятельности учащихся и др. Предложены направления обучения грамоте. Было ясно подчеркнуто, что учитель начальных классов, используя современные образовательные технологии на уроках, должен по-новому взглянуть на процесс обучения, знать психологические механизмы формирования личности и добиться эффективных успехов. Было показано, что сегодня одной из педагогических задач является внедрение в процесс обучения новых методов, которые помогут учащимся не только овладеть определенными знаниями и умениями в той или иной сфере деятельности, но и развить их творческие способности.

**Ключевые слова:** Грамотность, подготовительный период, чтение и письмо, родной

язык, образование, современность, технологии, компетентность.

**Nusupova G.**
**BMPK named after T. Ermatov**

## PROBLEMS OF TEACHING LITERACY TO PRIMARY SCHOOL STUDENTS

**Abstract**

This article presents pedagogical ideas about ways to improve literacy in elementary school and the scientific foundations of literacy teaching methods. During the period of literacy training, it is shown that the native language is the basis of learning and formation of basic speech skills (reading and writing). It is emphasized that in the implementation of the acquisition of competencies by students, individual work of the teacher with the student, problem-based learning, learning by activating the creative activity of students, etc. is necessary. The directions of literacy training are proposed.It was clearly emphasized that an elementary school teachershould take a new look at the learning process, know the psychological mechanisms of personality formation and achieve effective success, using modern educational technologies in classes.It was shown that today one of the pedagogical tasks is to introduce new methods into the learning process that will help students not only master certain knowledge and skills in a particular field of activity, but also develop their creative abilities.

**Keywords:** Literacy, preparatory period, reading and writing, mother tongue, educationmodernity, technology, competence.

Билим берүү – бул окуучулардын билим, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүү, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн жана моралдык-этикалык көз караштарын өнүктүрүү боюнча окуу жана таанып-билүү ишин жигердүү уюштуруунун жана стимулдаштыруунун максаттуу педагогикалык процесси.

Азыркы мезгилде коом өнүккөн сайын окутуу усулдары өзгөрүп, башталгыч класстарда билим берүүнүн мазмуну түп тамырынан бери жаңыланууга муктаж. Окутуунун жаңы технологияларына, усулдарына өтүү, учурдун негизги талабы. Окуучуларга 45 мүнөттүк сабакта, сабаттуу окууга жөн гана үйрөтүү жетишсиз: аларга билимдин көбүн эмес, эң керектүүсүн жеткирип, өз турмушунда колдоно билүүсүнө үйрөтүү зарыл. Демек, башталгыч класстын окуучуларынын сабаттуулугун өнүктүрүүдө, заманбап билим берүү технологиялары, стратегияларын колдонуу абдан актуалдуу болуп саналат.

Технологияларды тандоодо, окутуунун натыйжасында балада өзгөрүүлөр пайда боло тургандай болушу керек, алар алган турмуштук тажрыйбасы менен гана эмес, ал процессте алган билими менен, ошондой эле анын мүнөзү менен да аныкталат. Анын активдүүлүгү, ага болгон мамилеси, когнитивдик кызыкчылыктын деңгээли, өз алдынча билим алууга жана өзүн-өзү тарбиялоого даярдыгына көңүл буруу абзел.

Окурмандардын сабаттуулугун калыптандыруу процессинде семантикалык окууга даяр болуу (жазылган тексттерди кабыл алуу, аларда берилген маалыматты талдоо, баалоо,

интерпретациялоо жана жалпылоо), мазмунду талдоо сыяктуу көндүмдөрдү өздөштүрүү жана өнүктүрүү болжолдонот. Билим берүү иш-чараларына ылайык аны кайра түзүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды, турмуштук кырдаалдарда ар кандай тексттик маалыматтын жардамы менен багыттоого болот.

Башталгыч класстарда сабаттуулукту кантип жогорулатуу керектиги жөнүндө ондогон жылдардан бери суроо коюлуп келет.

Педагогикалык идеялар - жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Жогорку билимдүү, идеялуу мугалим окуучуну жаңы дүйнөгө жетелей алат. Азыркы окуу процессинде инновациялар мектептерден реалдуу сыноолорду жана маанилүү практикалык иштерди жүргүзүүнү талап кылууда. Демек, тажрыйба болбосо, жаңы нерселердин маселеси изилденип, методдордун эффективдүүлүгү жогорулабай тургандыгы белгилүү. Мезгил талабына ылайык жаныланган билим берүү мазмунуна өтүү абалы бардык билим берүү уюмдарынын мугалимдеринин алдында чоң милдеттерди коюуда. Билим берүүнүн жаңыланган мазмундук программаларын ишке ашырууда мугалимдин жаңы идеяларын көңүлгө алуу зарыл. Мугалимдердин жеке тажрыйбасына негизделип, жаңы идеяларды практикада ишке ашырууга түрткү болот. Бир мугалимдин идеясы экинчи идеянын жаралышына алып келет, ал кайталанып ийгиликтүү идея катары кеңири колдонулат.

Изилдөөнүн максаты: Башталгыч класстарда сабаттуу билим берүүдө, заманбап ыкмаларды жана стратегияларды изилдөө.

Изилдөөнүн методу: Түшүндүрмө-иллюстративдик (мугалим маалыматтарды ар кандай каражаттарды колдонуу менен окуучулардын сабаттуулугун жогорлатуусу)

Негизги мазмуну. Сабатка үйрөтүү-окуучуларды мектепке тарбиялоонун өзгөчө этабы болуп эсептелет. “Тамырдан үйрөнгөн нерсе эч качан унутулбайт” (Сенека). Демек, бул этапта окуучулар окуу жана жазууга көнүктүрүү гана эмес, аны жашоонун жаңы чөйрөсүнө тарбиялоо жана мектеп турмушун камсыз кылуу, башталгыч жана жогорку класстарда бардык окуу дисциплиналарын ийгиликтүү өздштүрүүгө тарбияланышат. Башталгыч мектепте эне тили окутуунун методикалык структуралык компоненттеринин бири.Сабаттуулукка үйрөтүү методикасынын илимий негиздерин карап көрөлү:1) лингвистикалык; 2) психологиялык; 3) педагогикалык.

Демек, тилдин графикалык системасындагы ар бир негизги тыбыш (фонема) өзүнүн белгиси – тамга (графема) болот. Сабаттуулукка үйрөтүү методикасы фонетикалык жана графикалык системаларга (фонетика жана графика) негизделген. Мугалим кайсы тыбыштык бирдиктер семантикалык кызмат аткарарын (фонемалар), кайсынысы андай функцияны аткара албасын билиши керек.

Окууну жана жазганды үйрөнүү – бул текстти окуу жана жазуу жөндөмүн өздөштүрүү, өз оюн жазуу жүзүндө билдирүү, окууда айрым сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн маанисин

гана эмес, тексттин маанисин да түшүнүү, б.а. жазуу тилин өздөштүрүү. Сабаттуу окуучу кептин тыбыштарын тамгага которууну, б.а. жазууну жана тыбыштарды тамга менен кайра курууну жана окууну үйрөнөт. Сабаттуулук мезгилинде эне тили билимдин пайдубалын түптөйт, негизги сүйлөө жөндөмдүүлүктөрү (окуу жана жазуу) калыптанат. Ошентип, сабаттуулукка үйрөтүү эне тилин системалуу түрдө үйрөнүүгө киришүү болуп саналат.

Кыргыз педагогдору бул маселенин үстүндө көптөгөн илимий иштерди, илимий макалаларды жазышкан: " И.Арабаевдин алгачкы «Алиппеси» кыргыз эли туташ сабатсыз мезгилде, советтик доордун башталышында жаралып, чоң саясий, маданий, социалдык мааниге ээ болгон. Миңдеген адамдардын тамга таанып, окуганды үйрөнүшүнө, кийин кенже класстар үчүн «Кыргыз тили» окуу китептеринин жазылышына тажрыйбасы, материалдары менен үлгү болуп, опол тоодой кызмат кылган. Башка тектеш элдердин агартуучуларынын педагогикалык идеяларын, тажрыйбаларын кыргыз тилине ылайыктап иштеп чыгып, андан ары өркүндөшүнө өбөлгө түзгөн. Ошону менен бирге, И.Арабаевдин ал «Алиппеси» кыргыз китептерин жазуунун алгачкы улуттук үлгүсү да болуп калары шексиз."

Ал эми учурда он жылдан бери колдонулуп келаткан, профессор С.Рысбаевдин каleminен жаралган, бүтүндөй кыргыз бөбөктөрүнүн дагы бир сүймөнчүктүү «Алиппеси» (оңдолуп, толукталып басылышы) - Кыргыз Республикасы өз алдынча эгемен мамлекет болгондон кийин 1-класска барган баланын деңгээлине ылайыкталган заманбап «Алиппе». [1, 4-б.].

Бул окуу китебинин материалдары төмөндөгүдөй системалуулукта берилген:

1. Өтүлүп жаткан тыбышка ылайык түсттүү сүрөттөр, сөз түзүүгө карата көнүгүүлөр, сөздөрдү окууга карата тексттер, тамга менен муунду окууга ылайык таблицалар;

2. Окуучулардын аң-сезимин, ойлоосун, кептик курамын өстүрүүгө карата: чакан тексттер, жомоктор, аңгемелер, ырлар, макал-ылакаптар, логикалык табышмактар, ребустар берилген.

Окуу китебиндеги материалдар сабаттуулукка үйрөтүүнүн негизги мезгилдерине ылайык берилген. "Алиппе" 1-класста эки чоң функцияны аткарат, ал-сабат ачуу жана сөз өстүрүү болмокчу. Ал эми,"Алиппени" окуу мезгили мурдатан эле маалым болгондой, үч этапка бөлүнөт. Тактап айтканда: "Алиппеге чейинки мезгил","Алиппе мезгили", жана "Алиппеден кийинки мезгил" [2, 15-б.].

1. "Алиппеге чейинки мезгил" (даярдоо)

2. "Алиппе мезгили" (негизги)

3. "Алиппеден кийинки мезгил" (көндүмдөрдү өнүктүрүү)

Алиппеге чейинки мезгилдин милдеттери - кенже окуучулардын фонематикалык угуусун

өнүктүрүү, сөздөн тыбыштарды ажырата билүү, сөзгө муун-тыбыштык жана тыбыштык анализ жасоо; окшош сөздөрдөгү тыбыштарды салыштыруу. Окуунун бул мезгилинде оозеки сүйлөө, угуу жана сүйлөө жөндөмдөрүн өнүктүрүү маанилүү роль ойнойт. Сабактарда «сөз», «сүйлөм», «үндүү», «муун», деген түшүнүктөр киргизилет.

Окуучулар оозеки кептин өзгөчөлүктөрү менен таанышат, сүйлөмдөрдүн ичинен айрым сөздөрдү бөлүп, сүйлөмдөгү сөздөрдү туура координациялоону, иллюстрациянын негизинде өз алдынча билдирүүлөрдү түзүүнү, сүрөттөрдү жана белги-символдорду колдонууну үйрөнүшөт. Мугалимдин жетекчилиги астында окуучулар иллюстрацияларды карап чыгышат, сюжеттин негизин табат, ар бир каарманды таап, атын аташат, андан кийин сүйлөмдөрдү түзүшөт, аларды сунушталган схемалар менен байланыштырышат. Мисалы: “Алтын апам”, ”Атам экөөбүз” деген тема темалардан баштап түстүү сүрөттөр бар. Темага ылайык сүрөттөрдөн кийин схема-моделдер көрсөтмөлүү берилген.

Даярдоо мезгилиндеги сабаттуулукка үйрөтүү сабактарында, окуучулардын жалпы сүйлөө көндүмдөрүн калыптандыруу, угуу жана көрүү кабылдоосун өнүктүрүү, сөздү айтуу жана 1-класстын окуучуларында колдун майда моторикасын, мейкиндикти чагылдыруу иштерин жүргүзүүдөн башталат. Ошондой эле курчап турган чөйрөдөгү предметтердин аттарын айттыруу жана кубулуштар менен тааныштыруу, дидактикалык оюндарды уюштуруу процесстери ишке ашырылат. Бул даярдык иштеринин багыттарынын бири – сөздөрдү муунга бөлүү, сөздөрдү муун боюнча айтуу, аларды өзүнчө аталган муундардан түзүү. Сөздөн тыбышты бөлүп алуу иши сабатттуулукка үйрөтүүнүн эң жоoптуу бөлүгү болуп эсептелет. Бул баскычта айрым тыбышты айтуу, ал тыбыштын тамгасын жазуу, окуу-жазууга балдарды көндүрүү болот.

Окуучуларды сөздүн тыбышын атоого, жазууда тамга менен белгилөөгө, муунга бөлүүгө, андагы тыбыштардын ордун, ырааттуулугун түзүүгө үйрөтүү зарыл.

Алиппе мезгили. Алиппе мезгилинин биринчи башталышы сабаттуулкка үйрөтүүнүн эң негизги мазмундуу бөлүгү болуп эсептелет. Бул мезгилдин максаты окуучуларды кыргыз тилинде тыбыштырды айтуу, окууга, жазууга көнүктүрүү.

“ Бүгүнкү күндө кандай окутуу усулдарын колдоносуздар? Адатта финдер ар кайсы усулдарды айкалыштырып колдонот. Алар биргелешкен (кызматташкан) жана жеке ыкманы пайдаланышат. Бул окуучулардын активдүү болуу жоопкерчилигин бекемдейт. Мугалим багыт берип гана турушу керек. Окуучу болсо өз билимин өзү жакшырта алаарын сезиши керек.” [3, 44-б.].

Ооба, окуучуларды бул көндүмдөргө өз алдынча, жуп, топ менен иштөө аркылуу машыктыруу керек. Окуучулардын көрүү, угуу, сүйлөө,окуу, жазуу иш-аракетттерин өнүктүрүү иштерине айрыкча көңүл бурулат. Эске тутуу, түшүнүү, колдонуу, талдоо, ойлонуу, чыгармачылык деңгээлдеги билим, көндүмгө жетүүгө багыттоо, жетекчилик кылуу иштери аткарылат.

Сабатка үйрөтүү сабактарындагы эң негизги милдеттердин бири берилген сөзгө ан-сезимдүү муундук-тыбыштык талдоо жүргүзүүнү жана сөздөгү тыбыштардын үндүү жана үнсүз

экендигин так ажырата билүүнү үйрөтүү. Негизги милдет менен бирге сөздөрдү муун боюнча туташ окууга үйрөтүү болуп саналат. Сабатка үйрөтүү сабактары класстагы окуучулардын билим деңгээлине жана алардын күндөлүк талаптарына жараша жөнөкөйдөн татаалга өтүү принцибинин негизинде жүргүзүлөт. Демек, 1-класста окуунун алгачкы күндөрүнөн тартып кошумча материалдарды колдонуу пайдалуу болот. Окуучулар мазмуну кыска тексттерди окушуп, мазмунун оозеки кепте айтып берүүгө көнүгүп башташат. Айрым окуучулар сүрөттүү жана логикалык карточкалар жана кесме муундар менен иштешет. Мисалы: [4,29 -б.]. “Алиппе” китебинин 29-бетиндеги сүрөттү карап көрөлү. Бо-то (төөнүн баласы) сүрөтү көрсөтүлүп, канча муундан турганы аныкталат. Андан кийин эки муунду кошуп окутуп, сөздүн схемасы түзүлөт. Тамгалардын кассасында бир, эки муундуу сөздөрдү жазышат.

Ар бир баланын жекече өзгөчөлүгү эске алууну менен бирге тешелүү тапшырмалар берилет. Мындай максатка негизделип өтүлгөн сабактар окуучулардын кызыкчылыгын арттырып, билимин жогрулатат.

Алипpeдeн кийинки мезгил. Бул мезгилде окуучулар текстти окуп, түшүнүп, андагы мазмун боюнча суроолорго жооп берип, кырдаалга жана андагы катышуучу каармандардын иш-аракеттерине анализ жүргүзүүгө, көркөм ой жүгүртүүгө, өз оюн ireттүү айтып берүүгө, ыр жаттоого, чакан аңгеме, жомок айтууга, тарткан сүрөтүнө мүнөздөмө берүүгө, ким?, эмне?, кандай?, ж.б. суроолорго жооп берүүгө, классташтары менен топто иштей алууга жетишүүсү керек.

Окуучуларды бул компетенцияларга ээ кылууну ишке ашырууда мугалим окууучу менен жекече иштөө, проблемалык окутуу, оюнга негиздеп окутуу, дифференциялык окутуу, интерактивдүү окутуу, окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн активдештирип окутуу, ж.б. окутуунун салттуу жана жаңычыл технологияларын жетекчиликке алуусу зарыл. [5, 109-б.]. 1-класста окуучуларды окуу, жазуу көндүмдөрүнө үйрөтүү иши илимий-методикалык негизде өркүндөтүлүүгө муктаж. Сабаттуулук мезгилинде талдоо үчүн 2 - 4 сөздөн турган сүйлөмдөр колдонулат. Биринчи класстын окуучулары кептин составына талдоо жасоого үйрөнүшөт. Сабактарда сүйлөмдөгү сөздөрдү санап эле тим болбостон, айрым сөздөрдү талдоодон бүтүндөй сүйлөмдү, бүт окуяны талдап чыгууга өтүп, алардын ар биринин мааниси, мазмуну жөнүндө сөз кылышат.

Сабаттуулукка үйрөтүү процессинде окуучулар сөздүн визуалдык-образдуу модели менен, сөздөрдүн мааниси (бир нерсенин, кыймыл-аракеттин жана касиеттин элеси катары) жана сөздөрдүн тыбышы (кеп үнүнүн ырааттуулугу) менен таанышат. Башталгыч класстардагы окуучулар сүрөттөгү объекттин атын атаган сөздөрдү тандап алышат, бир эле объекти ар кандай сөздөр менен аташат. Мисалы: ата- чон ата- тай ата; апа- чоң апа- эне- чоң эне ж.б.Сабаттуулукка тарбиялоо төмөнкүдөй өз ара байланышкан иштердин багыттары менен ишке ашырылат:

1. Окуучуларды тилдин негизги бирдиктери жана алардын кептеги кызматы менен тааныштыруу;
2. Сөздөрдүн тыбыштык анализинин ыкмаларын калыптандыруу;
3. Үндүү тыбыштын тамгасынын негизинде тыбыштык сөздөр менен окууга , андан ары семантикалык жактан эркин окууга акырындык менен өтүү, муундук окуу механизмин калыптандыруу;
4. Окуучулардын каллиграфиялык көндүмдөрүн өздөштүрүү;
5. Биринчи класстын окуучуларында орфографиялык кыраакылыкты калыптандыруу;
6. Окуучулардын кебин жана сүйлөө, жүрүм-турум маданиятын өнүктүрүү;
7. Окуучулардын алгачкы адабий-эстетикалык өнүгүүсүн калыптандыруу.

Окуу жана жазуу татаал психикалык процесстер. Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу жана жазуу көндүмдөрүн рационалдуу уюштурууга жана анын методикасын туура жүргүзүүгө байланыштуу болот. Мектеп босогосун жаңы аттаган балдардын арасында тамга таанып, кошуп окуй алган балдар менен бирге, тамганы таанбай жана окуй албагандар да кездешет. Андыктан, сабатка үйрөтүү сабактары “Алиппе” китеби боюнча гана окутулбастан, кошумча материалдарды (чакан тексттер, жомоктор, дидактикалык материалдар, сүрөттөр, карточкалар, аудио китептер, видео- баяндар ж.б.) пайдалануу менен жүргүзүлөт. Мындай материалдарды колдонуу менен өтүлгөн сабактар, окуучулар үчүн кызыктуу жана натыйжалуу болот. Ошондуктан, башталгыч класстын мугалими ар бир окуучунун өзүнө таандык бөтөнчөлүгүн, жөндөмдүүлүгүн туура тааный билүүгө тийиш.

Жаңы окуй баштаган окуучунун “окуу талаасы” чектелүү: ал бир гана тамганы камтыйт жана аны таануу үчүн көбүнчө башкалар менен салыштырууга туура келет. Бир тамганы окуганда бала дароо үндү атагысы келет, бирок мугалим сөздөгү муундарды кошуп окуусун талап кылат, андыктан мурунку тамганы эске алып, кийинки тамганы окуп, эки же үч үндү бириктирип, айкалыштыруу керек. Муундун же сөздүн бирдиктүү үн түзүлүшүн жогрулатуу болот. Бул мезгилде көптөгөн балдар үчүн, бир топ кыйынчылыктар бар. Окуу үчүн сөздөгү муундар канча болсо, ошончо кабылдоо жана таануу аракеттерин жасоо керек. Биринчи класстын окуучусу окуганын дайыма эле түшүнө бербейт, андыктан муундарды же сөздөрдү эки же андан көп жолу кайталайт. Кээде окуучу сөздү биринчи муундан, сүрөттөн же контексттен болжолдоого аракет кылат. Бул кыйынчылыктардын баары “окуу талаасы” өскөн сайын акырындап жок болот.

Сабаттуулук мезгилинин мазмуну:

- Баланын жетектөөчү ишмердүүлүгүн оюндан окууга өзгөртүү;
- Баарлашуу, таанып билүү, социалдык таануу жана өзүн-өзү көрсөтүү муктаждыктарын өнүктүрүү;
- Окуучунун социалдык ролун кабыл алуусун өнүктүрүү;
- Окуу жөндөмүн жана өз ишмердүүлүгүн уюштуруу, калыптандыруу;
- Инсандар аралык достук мамилелердин мүнөзү менен байланышкан адеп-ахлактык өнүгүү жана дүйнө таанымдын негиздерин калыптандыруу.

Сабаттуулук мезгилинде маанилүү окуу жана тарбия милдеттери чечилет.Табиялык милдеттер- сөздүн лексикалык маанисине жана алардын тыбыш-тамга составына алгачкы байкоолорду уюштуруу аркылуу мектеп окуучуларын эне тилин системалуу түрдө үйрөнүүгө тартуу, сүйлөө маданиятынын тажрыйбасын өздөштүрүү. Бул маселелерди чечүү 1-класстын окуучуларын лингвистикалык тушүнүктөрдүн системасы менен тааныштырат: адегенде “кеп”, “сөз”, “сүйлөм” түшүнүктөрү, кийинчерээк – аларды идентификациялоо менен таанышуунун негизинде фонетикалык түшүнүктөрдүн комплекси берилет. Сабаттуулук мезгилинде тарбиялык милдеттерди чечүү башталгыч жалпы билим берүүнүн этабында окуучуларды рухий-адептик жактан өнүктүрүү жана тарбиялоо программасы менен жөнгө салынат.

Биринчиден, бул 1-класстын окуучуларында баалуулук багыттарын жана моралдык нормаларды (чынчылдык, боорукердик. ак ниеттик ж.б.) калыптандыруу үчүн шарттардын пайда болушу. Жаш мектеп окуучулары үчүн Мекен, үй-бүлө, достор, жаратылыш жана жаныбарлар жөнүндө жөнөкөй жана түшүнүктүү тексттер берилет. Окуучунун башталгыч класста алган билим сапаты анын андан ары билим алуусуна өбөлгө түзүп. окуудагы ийгилигине түздөн-түз таасир этет. Бул убакта окутуу балада окуу билгичтигин үйрөтүү менен өзгөчөлөнөт. Өмүр бою үзгүлтүксүз билим алуу үчүн адамга окуу билгичтиги эң зарыл керектүү сапаттардын бири болуп эсептелет. Демек, башталгыч класс жалпы билим берүүчү мектептин пайдубалын түзөт.

Сабаттуулукка үйрөтүү мезгили окуучулардын сүйлөө ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн: сүйлөө, угуу, окуу жана жазуу практикалык жактан өнүктүрүү үчүн күчтүү өбөлгөлөр түзүлөт. Сабатка үйрөтүү сабактарында окуучулардын коммуникативдик жөндөмдөрү калыптанат, мектеп окуучуларынын сөз байлыгы байытылат, кептин грамматикалык түзүлүшү өздөштүрүлөт.

1-класстын окуучулары оозеки түрдө өз алдынча текст түзүүгө үйрөнүшөт. Мугалимдин суроолоруна деталдуу жооптор, өз аракеттеринин ырааттуулугун түшүндүрүү, чечимдерди негиздөө ж.б. Балдар китептеринин дүйнөсү менен таанышуу, китеп окуу жана көрүү методикасын

практикалык жактан өнүктүрүү билимдүү окуучунун калыптанышына шарт түзөт.

Заманбап билим берүү технологияларын сабакта колдонуу менен башталгыч класстардын мугалими окуу процессине жаңыча көз карашта карап , инсанды калыптандыруунун психологиялык механизмдерин өздөштүрүп, натыйжалуу ийгиликтерге жетишет. Окуучунун кызыгуусу окуу процессинде негизги фактор болуп эсептелинет.

1. Проблемалык окутуу технологиясы.

Окуучуга билим берүүдө билимдин белгилүү бир бөлүмүн өздөштүрүүгө эмес, анын инсандыгын, таанып-билүү жана чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнү көздөйт. Окуучулардын өз алдынча иш жүргүзүү жөндөмдүүлүгүн ар тараптан өнүктүрүү, инсанды тарбиялоону талап кылынат. Демек, сабактардын өтүү чөйрөсүн, окутуу усулун, табиялык мазмунун өзгөртүү керек. Бул технологияда окуучулар пассивдүү угуучулар жана аткаруучулар болбостон, сабакта жандуу изилдөөчүлөргө айланышат.

2. Изилдөө иштери. Изилдөө-белгисиз , дайынсыз нерсеге кадам таштоо болуп эсептелинет. Башталгыч класстын окуучулары табиятынан изилдөө иштерине кызыгуу менен катышышат. Балдарды байкоо жүргүзүү, суроо берүүгө үйрөтүү жана ага так, туура, эркин жооп берүүгө үйрөтүү абдан маанилүү. Демек, балдарды кошумча адабияттарды окуп, эксперимент жасоону үйрөнүү, жыйынтыктарын талкуулоо, башка адамдардын ой-пикирин уга билүүгө үйрөтүү маанилүү. Изилдөө иштерин жүргүзүүдө балдар жекече ойлонууга, найыжа чыгарууга көнүгүшөт.

3. Ден-соолукту сактоочу технологиялар. Бул ыкманы сабакта темага ылайык эс алуу мүнөттөрүн өткөрүүдө, мектептин спорттук мелдештерине катышууда, өмүр сакчылары менен жолугушууларды уюштурууда жана "Баланын ден-соолугун чыңдоо" , "Уюлдук телефонго байланган балалык" ж.б. темаларды ата-энелер менен бирге талкуулоодо колдонулат.Азыркы мезгилдеги негизги милдет баланын ден-соолугун сактоонун жана чыңдоонун ар кандай ыкмаларын үйрөтүү. Демек, балдар мектептен алган ыкмаларды кийин турмушунда колдоно алышат.

4. Кызматташып үйрөнүү (топтук иш).

Топтук иш сабак учурунда гана эмес, тарбия иштерин жүргүзүүдө да чон роду ойнойт. Топтук иштөө ыкмасын башталгыч класстарда көбүрөөк жүргүзүү талапка ылйык болот. Себеби: балдар топто иштөөдө бири-бирин жакшы тааный билишип, ынтымактуулукка табияланышат. Берилген тапшырманы жекече аткарышып, өз пикирин ортого салууга көнүгүшөт.

5. Оюнтехнологиялары.Оюн – булбаланынтабигыйжанагумандуубилималуу

формасы. Оюндар ар бир баланын предметке болгон ынтызаарлыгын, кызыгуусун арттырууга жардам берет. Оюндун жардамы менен грамматикалык машыгууларды кызыктуу аткартууга болот. Демек, оюн көнүгүүлөрү балдарды жаңы таасилер менен байытып, өнүгүү фукциясын аткарат, чарчоону басат.

Корутунду. Ошентип, окууну жана жазууну үйрөнүү мезгилинде“инсандык, регулятивдик, когнитивдик жана коммуникативдик” окуу иш-аракеттери окуу жөндөмдүүлүгүнүн негизи катары калыптана баштайт. Окууну жана жазганды үйрөнүү мезгили - 1-класстын окуучуларында окуу китеби менен аң-сезимдүү иштөө, шарттуу түрдө символдор жана белгилер түрүндө берилген маалыматты түшүнүү, акыл-эс аракеттеринин өнүгүшүнө оң таасир тийгизген мезгил болот.

Сабаттуулук мезгили аяктагандан кийин мектеп окуучулары кыргыз тилинин курсун өздөштүрө башташат. Анан сабат ачуу сабагы- окуу, жазуу сабагы- кыргыз тили сабагы болуп калат. ”Балдарга берилген нерсени балдар коомго берет” (Карл А. Менингер)

Сабатттуулук – бул окуунун кан тамыры. Окууучунун жан-дүнөсү тийиштүү сабаттуулук көндүмдөрү менен ачылат. Окуучу мугалим менен бирдикте окуу , жазуу жана угуу көндүмдөргө ээ болгон учурда окутуучулар сабактын мазмунун, окуу максаттарын жана баалоо талаптарын натыйжалуу жеткире алышат. Окуучулардын сабаттуу болуу зарылчылыгы ар бир класста, бардык чөйрөлөрдө кездешет.

Ошондуктан, сабаттуулукка үйрөтүү үчүн колдонулган стратегияларга жалпы мектептин мамилеси жасалышы керек. Мунун менен бирге жыл өткөн сайын окуучулардын өсүү тепкичтери жогорулайт.

**Адабияттар**


1. Сартбаев К., Акунова А., Мураталиева А. “Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуу методикасы” - Б., 2013.109-б.
2. Рысбаев С., Бекбаева Ч., Айдакеева Ч. “1-класста Алиппени окутуу” –Б., 2017.
3. Шаматов Д. “Билим – бакыт канаты” – Б., 2022. 44-б.
4. Рысбаев С.К. “Алиппе” – Б., 2008. 29-б.
5. Кыдыров Ы. “Кыргыз руху” (Кыргыз гезиттер айылы)., 04.02.2011.4-б.